# Биринчи басым



Автор: Жибек Абдыраманова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Алёна Дин

Биринчи басым

Автор: Жибек Абдыраманова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Биринчи басым» (кыргыз тилинде), автор Жибек Абдыраманова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Алёна Дин

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Терезеден ары бийик жана баш-аягына көз жетпеген жана чеги көрүнбөгөн тоолор бүлбүлдөйт. Шакир ата-энеси  менен таенеси жана таятасы жашаган алыскы айылга бара жаткан. Шакир ал жерде жай бою жүрө турган болду. Бала ата-энеси менен сүйлөшпөй, акча тапканы кетип жатышкан Иркутск шаарына өзүлөрү менен ала кетпегенине капа болуп баратты. Бишкекте анын достору калды, алар менен смартфондо онлайн оюнун ойносо болмок, бирок айылда интернет жок.


Бала чарчады, ачка да болду, эптеп тез эле жетүүнү каалап баратты. Атасы машинаны асфальты жок чаңдуу жолду көздөй бурду, акыры үйдүн дарбазасына келип токтотту. Аларды таятасы менен таенеси тосуп алышты. Баары чайга отурушту, а Шакир болсо шашып бир нерсе жемиш болду да, көчөгө чыгып кетти.

Шакир бир кабаттуу жапыс үйлөрдү жана жол жээгиндеги аягы көрүнбөгөн ылай коргондорду карап баратты. Ары жактагы суунун боюнан бир кыз менен эки баланы көрдү. Балдар тегерете отуруп алышып, чүкө оюнун кызыгып ойноп жатышты. Шакир кызыгып калды да, аларга басып келип, оюндун кызыгына кантип кирип кеткенин билбей калды.

Кара чачтуу кыз менен бала чүкөнү алдыга өкчөдү. Кыздын чүкөсү айкур конду, а эркек баланын чүкөсү чик түшүп калды. Кыз кубанганынан кыйкырып жиберди.

– Мен жеңдим! Меники алчы конду, сеники чик! – деди да, эки чүкөнү тең алып алды.






Бала утулуп калганына капа болуп, ачууланып тура калды да, кызды бир түртүп, тилин көрсөттү. Үчүнчү оюнчу кең далылуу жана узун бойлуу экен, ал дагы тура калды да:

– Жамалга, тийбегин! Ал чүкөнү сенден жакшы ойнойт! А сен, Жокен, аны көрө албай жатасың!

– Кел анда, экөөбүз ойнойлу, – деп жини келди Жокендин. Алар дагы чүкөнү өкчөштү. Кең далылуу баланын чүкөсү таа конду, а Жокендики жалпагынан бөк түшүп калды. Чүкөлөрдү көрүп, Жамал кыйкырып жиберди.

– Саяктын чүкөсү таа, Жокендики бөк! Демек, Саяк жеңди!

Шакир чүкө алчы консо чик конгон чүкөнү жеңе турганын түшүндү. Эгер тикесинен жалпак таманы өйдө карап консо, таа болорун жана жалпагынан учтуу учтары менен өйдө карап түшсө – бул бөк. Караса, чын эле учтары эчкинин мүйүздөрүндөй учтуу экен. А чүкө жалпагынан, бирок жумуру учтары өйдө карап, койго окшоп түшсө, аны чик дейт экен.





Бир аздан соң, балдар Шакирди байкап калышты. Оюндан эки ирет жеңилген бала, ага карай бурулду:

– Сен кимсиң?

– Менин атым – Шакир, айылга азыр эле келдим.

– Келгин турбайсыңбы! – деди Жокен.

– Ага көңүл бурбай эле кой, – деди кыз, – Менин атым – Жамал, бул – оройдун аты – Жокен, а тиги Саяк.

Кең далылуу бала бурулуп карады эле, Шакир анын бозоргон көздөрүн көрүп, Саяктын көзү азиз экенин түшүндү. Шакир Жамал менен Жокендин колун кысты да, Саякка жакын келип, мындай деди:

– Саяк, сени менен таанышканым үчүн кубанычтамын.

Жамал да Шакир менен Саяктын колун кыса кармады.




Саяк жылмайды да, Шакирден сурады:

– Биз менен чүкө ойнойсуңбу? Балким, жеңесиң, антпесең, Жамал биздин чүкөлөрүбүздү утуп алды.

– Мен чүкө ойногонду билбейм, – деп мойнуна алды Шакир.


– Эч нерсе эмес, үйрөтөбүз, – деди Жамал, – Биз дагы да балдардан чакырып алып, упай ойносок болот.



Жокен башка балдарды чакырганы кетти. Бир аздан соң, сары чачтуу Ира жана Настя деген эки кыз келди, ал экөө бири-бирине абдан окшош экен. Бирок Иранын бою бир аз узун экен. Акырында бизге Шохрух келип кошулду.

Ал берки балдардын баарынан улуураак экен. Анын ата-энелери упай ойногонго үйдөн шырдак алып чыкканга уруксат беришти.

Жамал кантип ойноонун эрежесин Шакирге үйрөттү.



Чүкөнү биринчи ирет өкчөө Шакирге туш келди, ал чүкөлөрду шырдактын бетине чачты. Бала, адегенде, ханды жөнөкөй чүкө менен атып алды.

Андан ары Жамал агы түшүндүрүп айтып жатты:


– Мына, карагын, эки алчы катар турушат. Манжаң менен бирин түрт да, тигини ат. Азаматсың, Шакир! Атып алган алчыны колуңа ал, эми таа чүкө менен жанындагы таа чүкөнү ат! Сен эң сонун ойноп жатасың! Эми утуп алган эки чүкөнү алаканыңа сал. Сен басым кылышың үчүн дагы бир чүкөнү атышың керек! Көрүп жатасыңбы, эки бөк жанаша турат? Бири менен экинчисин мээлеп ат!

Ошентип Шакир өмүрүндө биринчи ирет өзүнүн басымын утуп алды!

Ал абдан кубанычка бөлөндү жана жайдын аягына чейин баарын, ал тургай Жамалды дагы утуп алууну кыялданды! Шакир ата-энеси кайра кайтып келишкенде, анын чүкөнү кандай мыкты ойноп калганын көрүшүп кубанат – деп элестетип жатты.

Жамал алты басымды утуп алды, Ира – беш басымды, Саяк менен Жокен үчтөн басым утушту, а Настя менен Шохрух – экиден басым утушту.

– Кайрадан Жамал утту! – деп аны мактап койду.



Кеч кирди. Бададан келчү уйларды тосуп алчу убакыт келди. Шакир аларга жардам берүүнү чечти. Балдар колдоруна узун чыбык алышты да, уйларын айдап үйлөрүнө жөнөштү.

Коштошуп жатып Жокен Шакирге мындай деди:

– Сен, Шакир, жакшы жигит экенсиң. Мен сени “келгин” дегеним үчүн кечирип кой. Кел, эртең дагы бирге ойнойбуз.



Шакир айылга калгенде эле биринчи күнүн ушундай көңүлдүү өткөрөм – деп ойлогон эмес. Ага жаңы достору абдан жакты жана эртең кайрадан көргөнчө шашты. Ал дүйнөдө чүкөдөн кызык башка оюн жок – деп ойлоду уктап баратып.





**Упай ойноонун эрежелери:**

Үч чүкөдөн турган топ чүкө “басым” деп аталат. Оюн үчүн жыйырма басым болушу керек. “Хан” түсү боюнча башка чүкөлөрдөн айырмаланып турган чоң чүкө болушу керек. Оюнчулардын ойноо кезеги аныкталган соң, мелдеш башталат.

Биринчи оюнчу шырдак же таарга чүкөнүн баарын чогуу  чачат. Биринчи иретте “хан” болгон чүкөнү атат. Анан оюнчу басымды чогултат: адегенде, бир чүкөнү атат, аны алаканга салып кармайт да, экинчи чүкөнү атат, анан эки чүкөнү колго кармап алып, үчүнчүсүн атат. Эгер оюнчу жаңылбаса, ал басым толтурат. Эгер оюнчу жаңылып калса, чүкөлөрүн таштайт. Жүрүш башка оюнчуга өтөт.

Чүкөлөр окшош конгондо гана бирин экичиси менен атат. Алардын окшош конгону: алчы, таа, бөк жана чик болот.

Эгер оюнчу чүкөнү атып жатканда, башка чүкөгө да тийип калса, жаңылат да, оюндун жүрүшү башкага өтөт.

Оюнда ким көп басым чогултса, ошол утат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Жибек Абдыраманова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Алёна Дин



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | **4.1 деңгээли** |
| | 4.2 деңгээли |